Макулдашылды
Педагогикалык кеңеш
№ 3 токтомдун негизинде
31-окт. 2022-ж.

БЕКИТЕМ
КАКтын директору т.и.к
__________ Б.С.Назарбаева
31-10 2022-ж.

# «Мыкты мугалим 2022–2023» кароо-сынагынын ЖОБОСУ

## 1. Жалпы Жобо

«Мыкты мугалим» сынагы билим-берүү системасынын мугалимдерин кесиптик, социалдык-экономикалык жана моралдык жактан колдоого багытталып өткөрүлүүчү педагогикалык кесиптик кароо-сынак болуп саналат.

## 2. Сынактын максаттары

2.1. Билим берүүнүн мазмунун жаңылоонун негизи катары мугалимдердин үзгүлтүксүз кесиптик өнүгүүсүнө колдоо көрсөтүү;
2.2. Билим берүүдөгү жаңы технологияларды колдоо;
2.3. Педагогикалык ишмердүүлүккө чыгырмачылык менен мамиле жасаган, таланттуу мугалимдерди табуу жана аларга колдоо көрсөтүү;
2.4. Алдынкы педагогикалык тажрыйбаларды табуу, жайылтуу жана окуу кааналарды жасалгалоо. Педагогдордун өз ара кызматташуу, баарлашуу чөйрөсүн кеңейтүү;
2.5. Мугалимдик кесиптин кадыр-баркын көтөрүү менен коомдук аң-сезимде анын позитивдүү образынын калыптануусуна таасир этүү ;
2.6. Билим берүү системасынын мугалимдерине моралдык, социалдык жана материалдык колдоолорду көрсөтүүлөр аркылуу чыгармачылык дем берүү;
2.7. Мугалимдердин чыгармачыл эс алуусуна багытталган түрдүү иш чараларды, кесиптик өнүгүүгө багытталган саякаттарды уюштуруу жана ден-соолугун чыңдоосуна шарт түзүү;

## 3. Сынактын катышуучулары

3.1. Сынакка Кочкор-Ата колледжинин педагогикалык кызматкерлери милдеттүү түрдө катышат;
3.2. Талапкер эң кеминде санариптик билимдин жөнөкөй деңгээлиндеги сабаттуулукка ээ болушу керек;
3.3. Талапкерлердин педагогикалык стажы каралбайт. Бардык мугалим катыша алат.

## 4. Сынакты уюштуруп өткөрүү тартиби

4.1. Сынакты Кочкор-Ата колледжинин усулдук иштери боюнча инспектору жана усулдук кенештин(УК) курамы тарабынан түзүлгөн ушул Жобонун талаптарына ылайык уюштуруп өткөрөт калыстар тобу баалап жыйынтык чыгарат;

4.2. Сынакты уюштуруп өткөрүүгө байланышкан бардык маселелер УКтин отурумдарында талкууланып, коллегиалдуу чечим аркылуу чечилет;
4.3. УК зарылчылыкка жараша сынактын белгиленген мөөнөттөрдө, уюшкандыкта, ыкчам жана сапаттуу өткөрүү максатында өз отурумунда аныкталган тартипке ылайык аныктайт
4.4. Сынактын уюшкандыкта жана ушул Жободо белгиленген эрежелерди, шарттарды толук жана кыйшаюсуз сактап, бекем тартипте өтүүсүн камсыздоого УК милдетүү жана камсыздайт;

## 5. Сынактын этаптары

**Талапкерлерди тандоо этабы (биринчи баскыч). "Диагностикалык тестирлөө"**

5.1. Талапкерлерлердин Кыргыз Республикасынын билим берүү системасынын укуктук-ченемдик негизи боюнча билимдерин аныктоо. Бул баскычта мугалимдер онлайн форматта 30 тесттик тапшырмага жооп беришет.
5.2. Бул тапшырманы аткаруу үчүн баардык мугалимдерге бирдей убакыт берилет. Ар бир туура жооп 1 упай катары эсептелет. (80 минута).(чоң жыйындар залда өткөрүлөт);
5.3. Кийинки баскыч тапшырмалары калыстар тарабынан бааланат;
5.4. Мугалимдер үчүн тапшырмаларды аткаруу жыл ичинде жүргүзүлөт(атайын критерийлер аркылуу);
5.5. Бул баскычка талапкерлер өз билиминин өнүктүрүү боюнча алган сертификаттары бааланат. Ар бир сертификат 10 упай катары эсептелет.

## 6. "Мугалимдин сабагы"

6.1. Мугалимдер өз предметтери боюнча УК тарабынан аныкталган график менен 15-20 мүнөттүк сабак өтүүсү.
6.2. Сайтка жүктөө үчүн аудио жана видео сабагы (сынак үчүн даярдалбаган сабактар да болот).
6.3.Бул баскыч офлайн форматта өткөрүлөт.
6.4. Окуу каананын жасалгасы сөзсүз каралат.

## 7. Финал

7.1. Бул баскычка тандалып алынган мугалимдер катышышат.
7.2.Мугалимдер портифолиосун көрсөтүшөт.
7.3 Өз предмети (сабак, сабактан тышкаркы иш чаралар, түрдүү сынактар) боюнча жетишкендиктерин камтыган презентациясынын видео-ролиги **(3 минутага чейин)**;
- Көлөмү **3 минутадан** ашык болгон иштер каралбайт.
7.4.Мугалим санариптик сабаттуулугу жана аралыктан окутуунун технологияларын колдоно алуу көндүмдөрүн калыстар тобуна көрсөтүп берет (офлайн);
**Өтүү мөөнөтү: ___- ___- ______ чейин. Бул этап офлайн форматта өткөрүлөт.**

## 8. Талапкерлердин ишмердүүлүгүн баалоо жана жеңүүчүлөрдү аныктоо

8.1. Мугалимдин ишмердүүлүгүн баалоо үчүн УК тарабынан ар бир баскычка тиешелүү калыстар тобу карап чыгат.
8.2. Калыстар тобунун ишмердиги көз карандысыздык принцибинде, калыстар тобунун ар бир мүчөсүнүн өзгөчө пикирлерин эске алган коллегиалдуулук жана ачык-айкындуулук принциптерине негизделет.
8.3. Калыстар тобу жыйынтыктарды ушул жобонун тиешелүү пункттарынын жана талапкерлердин ишмердүүлүгүн баалоо боюнча аныкталган критерийлердин негизинде гана чыгарат.
8.4. Мугалимдер атайын иштелтип чыккан критерийлери аркылуу топтогон упайларынын жалпы саны боюнча:
Баш байге "Мыкты мугалим" - 10 000сом,
1-орун "Замамбап мугалим" - 7 000 сом
2- орун "Креативдуу мугалим" - 5 000 сом
3-орун "Мыкты окуу каана" 3000 сом ыйгарылып жеңүүчүлөрү жана андан кийинки орундар аныкталат.

8.5. Сынактын катышуучулары үчүн УК жана калыстар тобунун биргелешкен чечими менен түрдүү номинациялар ыйгарылышы мүмкүн жана демөөрчүлөр тарабынан демөөрчүлүк кылынса жеңүүчүлөргө тең бөлүнөт.

## 9.Сынактын ачык-айкындуулугун камсыздоо

9.1.Сынактын ачык айкындуулугун камсыздоо максатында талапкерлердин сынактык тапшырмаларды аткаруусуна жана калыстар тобунун ишмердигине тоскоолдук кылбагыдай шарттарда окуу жайдын админстрациясы көзөмөлдөп турууга уруксат берилет;
9.2.Мындан тышкары, сынактын ар бир баскычы өткөрүлүп жатканда жана жыйынтыктарды чыгарууда калыстар тобунун ишмердигине тоскоол болбой көз карандысыз байкоочулар байкоо жүргүзүүгө укуктуу.

## 10. Сынактын уюштуруу, байге фонду жана жеңүүчүлөрдү сыйлоо

10.1Сынактын байге фонду окуу жай тарабынан чечилет жана сынакты өткөрүүгө каржылык, материалдык колдоо көрсөткөн демөөрчүлөрдүн ыктыярдуу каражаттарынын эсебинен куралат.
10.2.Сынактын талапкерлерине, сынактын баскычтарынан өткөн талапкерлерге жана жеңүүчүлөргө ыйгарылуучу сыйлыктардын түрүн жана көлөмүн УК аныктайт.

## 11.Корутунду

11.1.Ушул Жободо көрсөтүлгөн сынактын баскычтарынын мөөнөттөрүн зарылчылыкка жараша өзгөртүү же кайра карап чыгуу УК тарабынан аныкталат жана катышуучуларга кабарланат.
11.2 Сынактардын мөөнөттөрү УК тарабынан сынактардын алдында аныкталат жана катышуучуларга кабарланат.

КАКтын усулдук иштери боюнча инспектору: Джумабаева Э.А.

БЕКИТЕМИН
КАКтын директору, т.и.к.
__________Б.С. Назарбаева
"____" __________2022-ж.

2022-2023- окуу жылынын биринчи жана экинчи жарым жылдыгында окутуучулар арасында «Мыкты мугалим 2022- 2023» кароо- сынагын адилетүү баалап берүү үчүн эксперттик топко төмөнкү мугалимдерди бекитип берүүңүздү суранамын:

1. Сатымкулова Ф.А - КАКтын окуу иштери боюнча директордун орун басары;
2. Эшиев Жаркул Абдимиталипович- педагогика илимдернин кандидаты, доцент, кыргыз тили жана адабияты окутуучусу;
3. Сүйүнбаева Гулайым Дуйшеновна- кыргыз тили жана адабияты окутуучусу;
4. Бийжанова Орозгул Мамашовна- кыргыз тили жана адабияты окутуучусу;
5. Алиева Чолпон- манастаануу предмети окутуучусу;
6. Амадалиева Санабар – башталгыч класстарын окутуунун методикасы боюнча окутуучусу;
7. Эргешова Гулшайыр Абдылашимовна- география окутуучусу.

КАКтын усулдук иштери боюнча инспектору: Э.А.Джумабаева